Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№9 [17005] ИШЕМБИ, 28/03/2026

Мирланбек Примкулов:

## "Элдин маданиятын, руханиятын көтөрүү колго алынды"



5-бетте

## ТҮШТҮК АЙМАГЫНДА БАЛЫК ЧАРБАСЫ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА



3-бетте

## Ала-Тоо айыл аймагында ийгиликтер арбын



8-бетте

## Инновациялык билим берүүгө багытталган ачык сабактар



2-бетте

## Банк чөйрөсүндөгү санариптештирүү: жарандар үчүн мүмкүнчүлүктөр жана коопсуз пайдалануу жолдору



4-бетте

## Үч эм төрөгөн энеге 100 миң сом тапшырылды



**Ош облусунун башчысы Аманкан Кенжебаев үч эм төрөгөн энеге 100 миң сом тапшырды. 2026-жылдын 20-февралында Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын төрөт стационарында Өзгөн районунун Кароол айыл аймагына караштуу Мырза-Арык айылынын тургуну Мавлюда Бердигулова үч эмди жарык дүйнөгө алып келген.**

Облус башчысы үч эмдин үйүнө барып, эне менен ымыркайлардын ден соолугун сурап, 100 миң сом тапшырды. Мавлюда Бердигулова үч кыз төрөгөн. Ымыркайлардын учурдагы салмагы 1800, 2220 жана 2320 граммды түзөт. Дарыгерлердин маалыматына караганда, алардын абалы жакшы.

Наристелерге Айша, Айчырай жана Адинай деген ысымдар берилген. Алар 4-март күнү төрөт стационарынан үйүнө чыгарылган.

## Экологиялык маселелер талкууланды

Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жыйындар залында облус башчысы Аманкан Кенжебаев жана Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри Акыл Токтобаевдин жетекчилигинде кеңири жыйын өттү. Жыйынга районduк мамлекеттик администрация башчылары- акимдер жана тиешелүү мекеме-ишканалардын өкүлдөрү катышты.

Жолугушуу министрдин орун басары А. Мусаевдин презентациясы менен башталып, анда министрликтин аймактагы негизги милдеттери жана жергиликтүү бийлик менен кызматташууну күчөтүү маселеси айтылды.

Жыйындын жүрүшүндө бир катар актуалдуу маселелер көтөрүлдү. Алардын ичинде эски жана авариялык дарактарды кыюу жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү, бюрократиялык тоскоолдуктарды азайтуу, Ноокат районунда канализация инфраструктурасын куруу, ошондой эле «Кара-Шоро» жана «Кыргыз-Ата» өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарындагы инфраструктураны өнүктүрүү маселелери талкууланды.

Мындан тышкары, Алай районунда кен казуудан улам жерлердин деградацияга учурашы, Чоң-Алайда кен иштетүүгө лицензия берүү тартибин жакшыртуу жана жерлерди рекультивациялоого бөлүнгөн компенсациянын жетишсиздиги белгиленди.

Жыйын соңунда Акыл Токтобаев аймактагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө жергиликтүү бийлик менен биргелешкен системалуу иш жүргүзүлөөрүн белгиледи. Ошондой эле министрлик кен иштетүүгө берилген бардык лицензияларды комплекстүү инвентаризациядан өткөрүп жатканын маалымдады.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

## Инновациялык билим берүүгө багытталган ачык сабактар



Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин Билим берүү инновациялары колледжинде математика жана табигый сабактар бирикмесинин алкагында инновацияга бай бир катар мазмундуу ачык сабактар өткөрүлдү.

Математика сабагынан окутуучу Гулназ Аркалыкова ПНК9-4-25 тайпасына «Көрсөткүчтүү теңдемелер» темасында тереңдетилген ачык сабак өткөрүп, студенттердин көрсөткүчтүү функциялар боюнча түшүнүгүн кеңейтти. Студенттер ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды активдүү аткарып, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүштү.

Физика сабагында окутуучу Ысакова Уулча Абдивалиевна ПНК9-1-25 тайпасына «Өзүнчө индукция. Өз ара индукция. Индуктивдүүлүк» темасында заманбап форматтагы ачык сабак өттү. Теория менен практика шайкеш айкалышып, студенттер теманы терең түшүнүү менен бирге өз ойлорун эркин айтууга мүмкүнчүлүк алышты.

Эки сабакта тең жасалма интеллект, интерактивдүү видео, заманбап окутуу технологиялары кеңири колдонулуп, студенттердин кызыгуусун жогорулатууда чоң роль ойноду.

Мындай инновациялык ыкмалар билим берүүнүн сапатын жогорулатууга салым кошуп, студенттердин илимге болгон кызыгуусун арттырууда маанилүү кадам болуп саналат.

**КӨЭУнун коммуникация жана медиа департаменти.**

Урмат

# АЛТЫМЫШТЫН АСТАНАСЫН АТТАГАН АБЫТБАЙ



*Абытбай быйылкы жайдын аптаптуу күндөрүндө алтымыш жашка толот. Ал 1966-жылдын 16-июлунда азыркы Өзбекстан Республикасынын Анжыян облусундагы Москва колхозунун аймагында жарык дүйнөгө келген. Жети жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. Жаштайынан зирек жетилген тестиер нористе бала ата-энесинин сүймөнчүгүнө үй тиргилик жашоосуна жакын боло, аларга жаш болсо да кол кабыш кыла жакындан жардам берүү менен үй тарбиясында ата-энесинин далай алкоолоруна арзыган. Жаштайынан тилгарак бала болуп жетилген. Кийин 1973-жылы жети жашынан өз айылындагы Азербайжан элинин көрүнүктүү эл акыны Низами Ганжабинин ысымын алып жүргөн орто мектептин биринчи классына "А" деген арипти таануу менен билим алууга барган. Аны мектепке өз атасы Сагынбай боитойгон колунан бекем кармап, жетелеп барганын өзү элестете албаса да атасынын кебинен улам эскерип келет.*

Эми жетилип акыл эсин дидарында калыптаганды үйрөнүп келе жаткан Абытбай мектеп босогосун аттаган алгачкы күндөрдөн эле кошо окуган парталаштарынан айырмалана таалим тарбиясы мыкты окуучулардын катарында билим тарбия берген эжей-агайларынын алкоосуна алына баштайт. Улунун мектептеги таалим тарбиясынын мыкты экенин уккан ата-энеси кулагы сүйүнө жетине албай ичинен сыймыктанып да жүрүшкөн.

Мезгилдин ууру келгенин Абыттын ата-энеси анын бой тартып караанны алыстан келе жатканда даана байкалганынан улам бараандап жүрбөйбү. Абыттын окуучулук күндөрүндөгү мезгили тез эле өтүп кеткенсиди. 1983-жылы орто билимге ээ болгон соң, ал ошол мезгилдеги Фрунзе шаарына келип номер алтынчы кесиптик техникалык окуу жайына радио техник, электрик адистигине окууга тапшырат. Ал жерде 1985-жылга чейин тандаган кесиби боюнча мыкты адистик билим алат.

Курсташтарынын арасында мектептен алган билиминин таасиринде алдыңкы курсанттардан болот. Окуган кесибин мыкты өздөштүрүүгө жана анын татаал сырларын билүүгө жакшы аракеттенип алган билиминин таасиринде кесиптик окуу жайды алдыңкылардын катарында аяктайт.

Андан соң, 1985-жылы Советтик Армиянын катарына мекен алдындагы кызматын өтөөгө чакырылат. Андагы Совет өлкөсүнүн он беш республикасынын бири болгон азыркы Россия Федерациясын Куйбышев шаарындагы ТОТСК-4 кичи шаарчадагы 32056 аскер бөлүгүндө кызмат өтөйт. Солдаттык милдетин өзүнүн кесиби боюнча аскер бөлүгүндөгү байланыш тармагында өтөйт. Мекен алдындагы солдат катары СССР Коргоо министрлигинин "Красная Звезда" газетасынын биринчи бетине аскердик машыгууларда кужурмөндүүлүктү көрсөткөндүгү жана саясий жактан жетиктиги эске алынып, сүрөтү менен макталып чыгат. Мындай учурда кошо кызмат өтөгөн солдаттардын арасында кадыр деңгээли жогорку даражага көтөрүлөт.

Муратов Абытбай жакшы кызмат өтөө менен 1987-жылы аскердик милдетин абийирдүүлүк менен өтөп, өз туулуп өскөн жерине кайтат. Кийин радио-теле-аппаратураларын жана байланыш каражаттарын терең өздөштүргөн адис катары 1988-жылдан 2000-жылга чейин Ош шаарындагы "Гарант" теле-радио жана байланыш приборлорун оңдоочу мастерскойдо дээрлик 12 жыл өз кесибинин устаты катары эл кызматында болот. Андан кийин 2001-жылдан бери облустук басмаканада электрик, басмакана мастери болуп үзүрлүү эмгектенип келүүдө.

Абыт армияны аяктап келген соң, 1989-жылы өмүрлүк жолдошу Бакирова Сонунбү экөө баш кошуп үй-бүлө курушат. Алар үй-бүлөсүндө эки уул, эки кызды татыктуу тарбиялап уядан учурушат. Өмүрлүк жолдошу жерлиги боюнча Ош шаарынын Төлөйкөн айылынан. Кесиби медкызматкери. Көп жылдан бери облустук тери оорулардын алдын алуу диспансеринде 1988-жылдан бери улук медайым катары кызматындагы тажрыйбасы мол устат катары эмгектенип келет. Абыт



менен Сонунбү уул, кыздарынан тогуз неберелердин татыктуу чоң ата, чоң эне жана таята, таенеси катары мыкты уюткулуу үй-бүлөлөрдөн. Алар азыркы учурда Араван районунун Гүлбар айылында оорун-очок алышып, ынтымактуу, ырыстуу үй-бүлө катары жашап турушат.

**М.Осмонов.**

# ТҮШТҮК АЙМАГЫНДА БАЛЫК ЧАРБАСЫ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА

**Кыргызстандын түштүк аймагында балык чарбасын өнүктүрүү, табигый суу сактагычтарды балыктандыруу жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо багытында алгылыктуу иштер жүрүүдө. Балык өнөр жайы комплекси департаментинин алдындагы «Кыргыз балык чарбасы» мамлекеттик ишканасынын түштүк региону боюнча Аквакультураны жана балык уулоону өнүктүрүү багытындагы аймактык түзүмү болуп эсептелет. Анда акыркы бир жыл ичинде өндүрүштүк көрсөткүчтөрүн эле эмес, материалдык-техникалык базасын да олуттуу чыңдоого жетишилди.**





### Инновация — ийгиликтин ачкычы

Балык чарбанын ишиндеги эң чоң жетишкендиктердин бири — Түрк кызматташтык жана координация агенттиги (ТИКА) менен биргеликте инкубациялык цех курду. 2025-жылдын 28-майында расмий ишке кирген бул цех жасалма жол менен балык чабактарын алууну жаңы деңгээлге көтөрдү.

Инкубациялык цех аркылуу 4 040,0 млн даана личинка өндүрүлдү. Анын ичинде Карп — 2 470,0 млн, Ак амур — 1 230,0 млн жана 340 миң даана Толстолобик балык чабактары көлмөлөргө салынды.

Анын карамагында жалпы 64 көлмө бар, алар 171,7 га аянтты ээлейт. Алар: Төлдөөчү, Өстүрүүчү, Кыштоочу көлдөр, Эне балыктар кыштоочу жана багылуучу көлдөр, Убактылуу балык кармоочу көлдөр, Ашкана балыгын бордоп семиртүүчү көлмөлөр, Суу тундуруучу көлмөлөр болуп бөлүнөт. Аларда негизинен Ашкана балыгы, Балыктын майда чабактары, ошондой эле Айыл чарба продукциясы (шалы) өндүрүлөт.

Мындан тышкары, заманбап технологияларды колдонуу максатында 7,20 га аянтка видео көзөмөл жана электрдик автоматташтырылган жем берүүчү аппараттар орнотулду. Бул балыктардын өсүү темпин тездетүүгө жана тоюттун сарпталышын көзөмөлдөөгө шарт түзүүдө.





### Жаңылануу жана структуралык түзүлүш

Башкармалык Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин 2024-жылдын 15-майындагы буйругу менен бекитилип, өз ишин баштаган. Ал балык өстүрүүчү, бордоп семиртүүчү, кыштатуучу жана төлдөтүүчү көлмөлөрү бар толук системалуу, өзүн-өзү каржылаган түзүм болуп саналат.

Учурда бул түзүмдө 11 кызматкер эмгектенет. Чарба жалпысынан 198,77 гектар жер аянтын ээлейт. Анын ичинен 171,7 гектарын 64 көлмө түзөт. Бул жерде балыктын личинкасын алуудан баштап, ашкана балыгын (товардык балык) сатууга чейинки толук цикл жолго коюлган. Балык чарбасында балык уулоо, балык корун көбөйтүү иштери ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлүп жатат.



### Өндүрүш жана табигый балансты калыбына келтирүү

Аталган чарба балык сатууну гана көздөбөстөн, өлкөнүн табигый байлыктарын калыбына келтирүүгө да салым кошууда. Алсак, өндүрүлгөн 300 миң даана балык чабактары Папан жана Найман суу сактагычтарына, 150 миң даана балык чабактары Чаар-Айгыр көлүнө коё берилген. Калган балык чабактары башкармалыктын өзү өстүргөн шалы талааларына салынды, сатууга чыгарылды.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча: Ашкана балыгы: 19 026 кг өндүрүлүп, сатуудан 5,3 миллион сом каражат түшкөн.

Спорттук балык уулоо жаңы багыт катары ишке кирип, кыска убакыттын ичинде 350 миң сом киреше алып келген. Бул туризмди жана эс алуу маданиятын өнүктүрүүнүн жакшы үлгүсү болду.

### Техникалык жабдуу жана келечек

Материалдык-техникалык базаны чыңдоо максатында 2 даана Желмаян автоунаасы сатып алынды. Мындан тышкары 2 даана Hyundai Porter жана 1 даана БМВ автоунаалары менен камсыздалды. Бул өндүрүлгөн продукцияны өз убагында жеткирүүгө жана көлмөлөрдү кайтарууга көмөктөшөт.

Жыл сайын ички жана сырткы арыктар тазаланат, дамбалар калыбына келтирилет, көлмөлөр капиталдык оңдоодон өткөрүлөт. Кара-Дарыя суусунун көлмөлөргө үзгүлтүксүз агып келиши камсыздалат.

2026-жылга карата чарба ашкана балыгын өндүрүүнү 57 750 даанага чейин жеткирүүнү жана 1 миллиарддан ашык балык чабактарын өндүрүүнү максат кылууда.

Табигый көлмөлөрдү жана суу сактагычтарды балыктандыруу, балык өстүрүү аянттарын кеңейтүү зарыл. Материалдык-техникалык базаны чыңдоо, экономикалык туруктуулукту бекемдөөгө жетишүү маанилүү.

Балык чарбада бул багытта балык өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, балык корун калыбына келтирүү, селекциялык-асылдандыруу иштерин жүргүзүү, икра топтоо жана инкубациялоо, балык корун коргоо, жем өндүрүү, бош көлмөлөрдө убактылуу айыл чарба продукциясын өстүрүү, калкты сапаттуу балык азыктары менен камсыз кылуу иштери жүргүзүлүп жатат.

Бүгүнкү күндө Алимбек Аданов жетектеген бул башкармалыктын иш-аракеттери — калкты сапаттуу балык азыктары менен камсыз кылууга жана өлкө экономикасына реалдуу салым кошууга багытталган.

**А.МАТИЕВА.**

# БАНК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ САНАРИПТЕШТИРҮҮ: ЖАРАНДАР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ЖАНА КООПСУЗ ПАЙДАЛАНУУ ЖОЛДОРУ

**Санариптештирүү – бул маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү жөнөкөйлөтүү, ылдамдатуу жана жеткиликтүү кылуу процесси. Акыркы жылдары банк чөйрөсү бул өзгөрүүлөрдүн алдыңкы катарында турат. Бүгүнкү күндө жарандар банкка барбай эле, уюлдук телефон аркылуу эсеп ачып, акча которуп, төлөмдөрдү жүргүзүп, ал тургай насыя ала алышат. Аталган артыкчылыктар менен катар, банк тармагындагы санариптештирүү жаатындагы жетишкендиктер, эгерде, өз эрежеси менен колдонулбаса, түрдүү финансылык коркунучтарга жана кооптуу аракеттерге алып келүүсү мүмкүн. Коопсуздукту камсыз кылуу максатында бул макалада банк тармагындагы санариптештирүүнүн негизги багыттары, артыкчылыктары, тобокелдиктери жана жарандар үчүн пайдалуу кеңештери менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгынын көзөмөл бөлүмүнүн жетектөөчү инспектору Мейликулов Тынчтык Жунусмаматович маалымат берди.**



## Санарип банкинг деген эмне?



Санарип банкинг – бул банк кызматтарын интернет жана мобилдик тиркемелер аркылуу көрсөтүү системасы. Ал төмөнкү кызматтарды камтыйт:

• Интернет банкинг (компьютер аркылуу);
• Мобилдик банкинг (смартфон аркылуу);
• Электрондук капчыктар;
• Онлайн төлөмдөр (коммуналдык кызматтар, байланыш, салык ж.б.);
• QR-код аркылуу төлөмдөр.

Мунун баары жарандардын убактысын үнөмдөп, банк кызматтарын каалаган жерде жана убакта пайдаланууга шарт түзөт.

Санариптештирүүнүн негизги артыкчылыктары болуп төмөнкүлөр эсептелет.

• Ыңгайлуулук жана убакытты үнөмдөө. Мурда банкка барып, кезек күтүп, документ толтуруу керек болсо, азыр көпчүлүк операциялар бир нече мүнөттө бүткөрүлөт.
• 24/7 убакыт бою жеткиликтүүлүк. Санарип банкинг күн-түнү иштейт. Дем алыш же майрам күндөрү да кызматтарды колдонсо болот.
• Чыгымдарды азайтуу. Онлайн кызматтар көбүнчө арзан же бекер болот. Мисалы, айрым которуулар үчүн комиссия аз же жок.
• Финансылык көзөмөл. Колдонуучулар өз чыгымдарын тиркеме аркылуу көзөмөлдөп, анализ жүргүзө алышат. Бул бюджетти туура пландаштырууга жардам берет.

Кыргызстанда акыркы жылдары банк сектору активдүү санариптешүүдө. Көпчүлүк банктар өз мобилдик тиркемелерин ишке киргизишти. QR-код аркылуу төлөмдөр, контактсыз (байланышпай) карта төлөмдөрү жана электрондук капчыктар кеңири колдонулууда. Мисалы:

• Дүкөндөрдө QR аркылуу төлөм жүргүзүү;
• Онлайн насыя алуу мүмкүнчүлүгү;
• Мамлекеттик кызматтар үчүн онлайн төлөмдөр.

Бул өзгөрүүлөр колдонуучулар үчүн ыңгайлуу шарттарды гана түзбөстөн, накталай эмес эсептешүүлөрдү көбөйтүп, экономиканын ачыктыгын жакшыртууда. Ошол эле, учурда мамлекет тарабынан бул багытта алгылыктуу иштер жасалып, жыйынтыгы жакшы көрсөткүчтөрдү жаратууда. Ошону менен катар, мындай жетишкендиктер терс таасирлер менен коштолуп жаткандыгын да белгилеп өтүү зарыл.

Санарип банкингдин эң чоң тобокелчилиги – бул киберкоркунучтар. Онлайн операциялар көбөйгөн сайын алдамчылар жана хакерлер кардардын жеке маалыматтарын уурдоо аракетин күчөтүшөт. Эң көп кездешкен тобокелдиктер төмөнкүлөр:

- Фишинг (алдамчылык билдирүүлөр): Адамдарга SMS, WhatsApp, электрондук почта аркылуу банктын расмий билдирүүсү катары жалган шилтемелер жөнөтүлүп, аккаунтка кирүү үчүн сыр сөз жана коддорду алуу аракеттери болот.
- Алсыз паролдор: «123456» же «password» сыяктуу жөнөкөй паролдорду колдонуу аккаунттун бузулушуна алып келиши мүмкүн.
- Коомдук шектүү Wi-Fi коркунучу: Ачык интернет тармактары аркылуу банк тиркемелерине кирүү хакерлерге мүмкүнчүлүк түзөт.
- Шылуундар тарабынан кредит алуу: Айрым адамдар өзүн өзү кредит алуучу катары көрсөткөндө, ал банк тарабынан мыйзамсыз деп таанылышы мүмкүн жана кардардын финансылык жоопкерчилигине терс таасир тийгизет. Бул процесстин алдын алуу үчүн банктар жеке идентификацияны катуу текшеришет.

Бул тобокелдиктердин алдын алуу үчүн ар бир кардарга коопсуздуктун негизги эрежелерин сактоо абдан маанилүү. Жарандар өз каражаттарын жана жеке маалыматтарын коргоо үчүн төмөнкү эрежелерди сакташы керек:



• Паролдорду коопсуз сактоо: Татаал жана уникалдуу пароль колдонуу, аны башка кызматтар менен бөлүшпөө.
• Эки факторлуу аутентификация (2FA): Аккаунтка кирүүдө кошумча текшерүүнү колдонуу (SMS код же Google Authenticator).
• Фишингден сактануу: Белгисиз шилтемелерди ачпоо жана алдамчылык билдирүүлөргө жооп бербөө.
• Коопсуз байланыш колдонуу: Шектүү болгон коомдук Wi-Fi тармактарын колдонбоо жана VPN аркылуу интернет колдонууда коопсуздукка көңүл бөлүү.
• Мобилдик коопсуздук: Телефонго антивирус орнотуу жана тиркемелерди расмий булактан гана жүктөө.
• Өзүн өзү кредит алуудан тыюу: Өзүнө-өзү кредит алууга тыюу салуу кызматын колдонуу. Бул жарандардын финансылык коопсуздугу үчүн маанилүү. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик "Түндүк" тиркемеси аркылуу өзүнө-өзү кредит алууга тыюу салуу кызматын акысыз жана онлайн колдоно алат.

Ошондой эле, эң башкысы – санарип сабаттуулук. Бул сапат жарандардын финансылык коопсуздугу үчүн негиз болуп саналат. Санарип банкингди коопсуз жана эффективдүү колдонуу үчүн ар бир жаран санарип сабаттуулукка ээ болушу керек. Санарип сабаттуулук жарандарды каржылык тобокелдиктерден сактайт жана банк кызматтарын эффективдүү пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Ал үчүн төмөнкү эрежелерди сактоо зарыл:

• Тиркемелерди туура колдонуп, жаңыртууларын убагында орнотуу;
• Онлайн алдамчылыкты таанып, коопсуздук эрежелерин билүү;
• Финансылык маалыматтарды ишенимдүү сактоо;
• Зарылчылык жок болгон учурда өзүнө өзү кредит алууга тыюу салуу кызматын колдонуу жана мыйзамсыз операциялардан алыс болуу.

Банк чөйрөсүндө санариптештирүү мындан ары дагы өнүгүп, жаңы технологиялар пайда болууда. Маселен, жасалма интеллект (AI): жекече сунуштарды берүү, кардардын муктаждыгын алдын ала болжолдоо жана алардын көйгөйлөрүн автоматтык түрдө кызматкерлердин катышуусу жок чечүү мүмкүнчүлүктөрү. Ошондой эле, толук онлайн банктардын пайда болушу. Бүгүнкү күндө банк кызматтары көпчүлүк учурда онлайн түрдө көрсөтүлүп жаткандыгына байланыштуу, банктардын кеңселери азаюуда. Технологиянын өнүгүшү менен биометрикалык идентификациялоо, анын ичинде манжа изи, бет таануу сыяктуу коопсуз ыкмалар пайда болууда. Мындан сырткары, блокчейн технологиялары банк чөйрөсүнө кеңири киргизилүүсү күтүлүүдө. Бул көрүнүш транзакцияларды коопсуз жана ачык жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аталган тенденциялар банк кызматтарын коопсуз, ыңгайлуу жана жеткиликтүү кылат. Бирок, алар менен катар, алдамчылык схемалар, киберкоркунучтар жана башка кылмыштуу аракеттер да көбөйүшү мүмкүн.

Банк чөйрөсүндөгү санариптештирүү – бул жарандар үчүн чоң мүмкүнчүлүк. Ал убакытты үнөмдөп, банк кызматтарын каалаган убакта колдонууга шарт түзөт. Бирок, коопсуздукту сактоо жана мыйзамсыз аракеттерден алыс болуу ар бир кардардын милдети. Макалада баяндалган эрежелерди сактоо менен ар бир адам заманбап технологиялардын бардык артыкчылыктарын пайдалана алат жана финансылык коопсуздугун камсыз кылууга шарт түзөт.

Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот.

**Дареги: Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, 119. Байланыш телефондору: (03222) 4-83-75, 4-84-63.**

**Жазып алган: К. Кыдыралиева.**

### Мирланбек Примкулов:

# "Элдин маданиятын, руханиятын көтөрүү колго алынды"

**Насирдин Исанов атындагы айыл өкмөтү Ноокат районунун борборунан бир топ алыстыкта жайгашкан. Айыл өкмөтүнүн аймагында оорукана, ФАПтар, билим берүүчү мектептер, балдар бакчалары иштейт. Ошондой эле соода дүкөндөрү, милиция бөлүмү, паспорт бөлүмү жана маданият үйү калктын камында. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүн Примкулов Мирланбек Исламбекович көп жылдардан бери жетектеп келе жатат. Жамааты менен биргеликте ар кандай иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүп келүүдө. Өткөн жылды эң мыкты жыйынтыкташып, натыйжалуу ийгиликтерге ээ болушту. Айыл өкмөттөгү мына ушул жана башка аткарылган иштер тууралуу сөз кылабыз.**



## Салык жана салык эмес жыйымдар

Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-жылда салык жана салык эмес жыйымдарынын жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн белгиленген жалпы планы 35397,1 миң сомдун ордуна 40485,3 миң сом жыйналып, план 114,4 пайызга же башкача айтканда 5088,2 миң сомго ашыкча аткарылган. Өнөр жай тармагына келсек, айыл өкмөтүндө өндүрүлгөн продукцияларынын көлөмү 2025-жылдын 12 айында 2024-жылдын 12 айына салыштырганда 110,5 пайызга өскөн. 2025-жылы 1 соцобьект, 1 көмүр кен, ошондой эле чакан ишканалардан 1 “пескоблок” чыгаруучу ишкана жана 1 кыргыз фасад ишканасы пайдаланууга берилди. Жалпы ачылган ишканалардын инвестициялык баасы – 100 млн. сомдон ашык акча каражатын түздү.

Ал эми тоо-кен өнөр жайына келсек, 3 көмүр кени ишмердүүлүк жүргүзүп («УСМ Водстрой», «ЖЧК Самайт», «ЖИ Агзамов») бюджеттин киреше бөлүгүнүн жогорулашына салымын кошушту.

## Айыл чарбасы жана мал чарбасы

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9- сентябрындагы №494 токтомун ишке ашыруу боюнча айыл чарба жерлерин мамлекеттик фондусуна өткөрүп алуу чаралары жүргүзүлдү. Бардыгы болуп 181,5 га жер аянты Ноокат райондук айыл чарбаны өнүктүрүү борборуна өткөрүлүп берилсе, анын ичинен суулуу 59,0 га, кайрак 62, 0 га жер аянтын түздү. 2022-жылдан ушул күнгө чейин ижара мөөнөтү бүткөн жерлер сынакка берилип, ал жерлерди айыл чарба кооперативдери, үрөнчүлүк жана асыл тукум чарбалар жана экономикалык жактан артыкчылыктуу дыйкан чарбалар пайдаланышууда.

Мал жандыктардын жана үй канаттууларынын эсебин жүргүзүүдө ири мүйүздүү мал 2024-жылдын 31-декабрына карата 6823 баш болсо, 2025-жылдын 31- декабрына карата 6854 баш болуп, 31 башка көбөйгөн. Ал эми кой-эчкилер 2024-жылдын 31-декабрына карата 7173 баш болсо, 2025-жылдын 31-декабрына карата 7254 баш болуп, 131 башка көбөйгөн. Жылкы 2024-жылдын 31-декабрына карата 1141 баш болсо, 2025-жылдын 31-декабрына 1151 баш болуп, 10 башка көбөйгөн. Үй-канаттуулары 2024-жылдын 31-декабрына карата 18967 баш болсо, 2025-жылдын 31-декабрына карата 19851 баш болуп, 884 башка көбөйдү. Натыйжада эт, сүт, жумуртка, тоют өндүрүү берилген мерчемден 100% ашык аткарылды. Ал эми жайыт тармагы боюнча план 2025-жылы 1 млн. 100 миң сом болсо аткарылганы 1 млн. 556 миң сомго ашыгы менен аткарылып, жалпы 140 пайызды түздү.

Буга кошумчалап кетсек, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022- жылдын 31-майындагы №291 токтому менен бекитилген «Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого» негиз, 2025-жылы 350 жарандан арыз келип түшүп, тиешелүү корутундулардын негизинде мыйзамдаштырылып, 109 жаранга мамлекеттик акттар берилди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги “Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларынын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ №109 Жарлыгы айыл өкмөтү тарабынан аткарууга жана жетекчиликке алынып, жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларынын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш алынып барылууда. Жыйынтыгында 2 мыйзамсыз курулуштар буздурулду.




## Ирригация, агын суу, таза суу жана өзгөчө кырдаалдар

Н. Исанов айыл өкмөтүнүн айылдарында көп жылдан бери пайдаланылбай турган 4 даана эски скважиналар калыбына келтирилип, жалпы сметалык баасы 10 млн. сомдун тегереги болсо Аха-Хан коомдук фонд эсебинен 5 млн. сомдук жабдуулар алынып, ондоо иштери жергиликтүү бюджет тарабынан калыбына келтирилди. Натыйжада 80 га жер тилкенин эгин талаасына агын суу жеткирилип, жарандарга тамчылатып сугаруу боюнча сунуштар берилди. Жыйынтыгында Күнгөй- Кожоке айылында 3, Чеч-Дөбө айылында 1 скважина калыбына келтирилди.

Күнгөй-Кожоке айылында Сары-Талаага 800 метр жерге, Алибаев көчөсүнө 900 метр жерге таза суу түтүгү тартылып, суу чыгарылып жарандар үчүн пайдаланууга берилди.

Күнгөй -Кожоке айылынын Төш участкасынын Алтын-Казык, Сулайман -Ата, Алибаев көчөлөрүнө 2500 метр жерге суу түтүктүрү тартылып, жарандарга пайдаланууга берилүү алдында турат. Чеч-Дөбө айылында 800 метр жерге эскирген түтүктөрү жаңыланды. Жар-Коргон айылынын Акаев көчөсүнө 1000 метр жер аралыкка суу тартылды, Бердике Баатыр көчөсүнө суу түтүкчөсү алынып суу түтүктөрү ондолуп, таза суу менен камсыз болду.

## Инвестиция тартуу жана өзгөчө кырдаалдар

2024-жылдын 12 айында тартылган инвестиция суммасы 135 млн. 262 миң 500 сомду түзгөн болсо, 2025-жылдын 12 айында тартылган инвестициянын жалпы суммасы 140 млн. 100 миң сомду түздү жана өсүү ыргагы 103 пайызды түзгөн. Күнгөй -Кожеке жана Чеч-Дөбө айылдарында жайгашкан 12 сел тосмо КР ӨКМдин иш планына киргизилип, жыйынтыгында аталган 12 сел тосмо толугу менен тазаланып, коопсуз бүткөрүлдү. Кожоке айылындагы Алчалуу селканасы тууралуу бир канча иш чаралар өткөрүлүп, жеринен тиешелүү адистер келип, долбоор жасоону сунуштады.

## Инфратүзүмдөр жана жол

Н. Исанов айыл аймагынын Күнгөй -Кожоке жана Чеч-Дөбө айылдарына жалпы сметалык баасы 12,5 млн. сомду түзгөн 2500 метр аралыкка тротуар курулду. Республикалык бюджеттен 56,4 млн. сом бөлүнүп 7,5 км. асфальт төшөлдү. Жаңы-Базар айылынын Ажимуратов көчөсүнө 350 метр жерге асфальт төшөлдү. Айыл аймак боюнча жалпы 5 км. жолго шагыл төшөлдү.

## Социалдык тармак

ККР Министрлер Кабинетинин «Социалдык контрактын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндөгү» 2022-жылдын 15-июлундагы №385 токтомунун негизинде Социалдык контракт Программасын ишке ашыруу максатында 84 үй-бүлө менен келишим түзүлүп, ар бири 150 000 сомдон акча каражатын алышты жана бизнес баштоо үчүн сатып алуулар бүтүп, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп жатышат. Айыл аймак боюнча калктын аярлуу катмарына жана аз камсыз болгон 671 үй-бүлөгө 250-300 кг. акысыз жана арзан көмүр таркатылды. Андан сырткары, Баткен, ЧАЭС окуяларынын, Ооган согушунун ардагерлерине көмүр таркатылды.

## Билим берүү жана саламаттыкты сактоо

Жалпы аймакта 8 мектеп, 10 бала бакча бар. 324 мугалим билим берип, 3904 окуучу билим алат. Ал эми балдар бакчасында 869 бала тарбияланат. Ваучердик билим берүүдө 13 бала, Акселератордук билим берүүдө 60 бала тарбияланып жатат. Жалпы республикалык тестирлөөгө 2024-2025-окуу жылында 95 окуучу катышып, Кожоке атындагы орто мектебинин окуучусу 219 упай алды. Андан тышкары, айылдын мыкты мектеби кароо- сынагында Кожоке орто мектеби катышып, райондон, областтан 1 орунга ээ болуп, республикалык кароо-сынакка барып, ийгилик менен кайтты. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 24 000 сом акча каражаты жогорку упай алган окуучуларга жана мугалимдерге сый акы катары берилди.



Бүгүнкү күндө Ломоносов атындагы орто мектебине Ош областтык өнүктүрүү фонду тарабынан 1 млн. 837 миң сом акча каражаты бөлүнүп, терезелери жаңыланды. Ломоносов жана Кожоке орто мектебинин короолоруна демөөрчүлөр тарабынан асфальт төшөлүп, окуучуларга ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

Жар-Коргон айылына 120 орундуу Раяна бала бакчасы курулуп, толугу менен бүткөрүлүп, ишке берилди. Жалпы сметалык баасы 60 млн сомду түзөт. Демөөрчү Атабаев Данияр тарабынан каржыланды. Учурдан пайдаланып ыраазычылык билдиремин. Кожоке айылындагы Кожоке 1 балдар бакчасы 2025-жылы 70 пайызга бүткөрүлүп, республикалык бюджеттен 50 млн. сом акча каражаты каралган.

Айыл өкмөттө Көк-Бел аймактык ооруканасы жана 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору, 4 фельдшердик-акушердик пункттары, 1 стоматологиялык эмкана, 2 тез жардам пункттары медициналык жактан тейлейт. Аймактык ооруканасы 30 койкага ылайыкташтырылган. 2025-жылы 74 медкызматкер, кичи тейлөө кызматкери, мед айымдар иштеген. Бүгүнкү күндө Көк-Бел ооруканасы 3 айыл өкмөтүнүн жарандарына кызмат көрсөтүп келет.

Күнгөй- Кожоке айылына Араб фонду тарабынан 1 млн. 900 миң сом акча каражаты бөлүнүп, ФАП курулууда. 2025-жылы чатыры жабылып, 60 пайызга бүткөрүлдү.

Кошумчаласак, маданий-практикалык иш-чараларды өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттен 207,2 миң сом бөлүнүп, элдин маданиятын, руханиятын көтөрүү колго алынды. “Ак маанай” энелер тобу Кара-Кой жайлоосунда болуп өткөн Дүйнөлүк фестивалга катышып, 1-орунду алышты. Турция мамлекетине элдик каада- салттарды жайылтуу максатында барып, Ыр кербени фестивалына катышып келишти. Ошондой эле Көк-Бел жана Исанов айылынын таланттуулары арасында Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий- адеп ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө”, “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыктарына ылайык, Ыр кесе уюшулуп, жогорку деңгээлде өттү.

**Б. Ысакова.**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы муруку сандарда)**

Улуу Ата Мекендик согуш эл башына көптөгөн азаптарды, кайгыларды, жоготууларды алып келди. Согушка кеткен аталарыбыздын көптөрү кайтышпай, канчалаган үй-бүлөлөр багар-көрөрүнөн ажырап, апаларыбыз жесир, бала-чакалары жетимдиктин оор кесепеттерин тартышып, кан жутуп кала беришти. Ооба, согуш далай мүшкүлдү алып келди элибизге. Бир жагынан ачарчылык, кендирди кескен жокчулук кыйнаса, экинчи жагынан көпчүлүгү жакын туугандарынан, ата-энелеринен ажырап, башка түшкөн оор түйшүк бардыгын түйшөлттү. Жашы-карысы дебей жалпы эл колхоз, совхоз талааларында болгон түшүмдү жыйнашып, болгон мал-мүлкүн, тапканын фронтко жөнөтүп турушту. Мына ушундай татаал турмушка туш келген үй-бүлөлөрдүн бири Абдыкадырдын үй-бүлөсү болду.

Абдыкадыр соодагер киши болгон экен, ачарчылык жылдары туздун жоктугунан адамдар ак көпшөк болуп шишип өлө башташкан экен, ошондуктан досу Кожокул экөө ар кайсы жактан туз алып келип сатышчу тура. Кытай тарапка да өтүп барып келишчү экен. Ошентип, “мыйзамсыз чек араны кесип өттү”, “мыйзамсыз байыды” деген жалаа менен аларды кармашып, штраф батальонго айдап жиберишиптир. 1948-жылы туугандары Зуура эненин көкшүнү суусун деп Абдыкадырдын келишинен үмүт үзүшүп, кудайы кылып, куран окутушкан. Ошондо согуштан кайтпай калган Абдыкадырын жоктоп чыгарган Зуура эненин кошогу эл ичинде көпкө чейин айтылып жүргөн дешет.

Кашкардан келген буурул ат,
Туягы ташка туурулат.
Беш жетимдин айынан,
Заманам жаман куурулат.

Асманда учкан боз торгой,
Боз торгой жүнүн тарасын.
Сизден калган беш жетим,
Кимдин колун карасын.

Бир жолу:

- Эмне үчүн сизди кайгы-муңдун рыцары деп аташат? - деп сурасам:

- Э-э жээним, күйгөн катын кошокчу! - деп айтып коюшат эмеспи. Анын сыңары, оор турмушту башыбыздан өткөрдүк. Атабыз согушка кеткен боюнча дайыны чыкпай кетти, апабыз чиедей жаш балдары менен калып, өлбөстүн күнүн көрдүк, жокчулуктун айынан тартпаган азабыбыз калбады. Ары урундук, бери урундук, бирөөлөргө жалданып иштеген күндөрүбүз да болду. Бирок, “элдүү түлкү ач калбайт” – дейт, элибиз-журтубуз бар экен, ач-жылаңач жетимдер ошол оор күндөрдөн аман калдык. Ырларымдагы муңдуу кайрыктар, мүмкүн, ошол мезгилден калган ой-толгоолорумду, сезимдеримди билдиргендигим, чагылдыргандыгым болсо керек го деп ойлойм – деп балалыгы жөнүндө учкай кеп салып берген эле.

Ушул Кызыл-Булак айылында төрт жылдык карлик мектеби болгон экен. Алгач ошол мектепке барып таалим алып, 4-класска чейин окуган. Киерге бут кийими болбой, кээде мектепке жылаңайлак барган күндөрү болуптур. Жашында чайырдан комуз жасап чертип, кийинчерээк Пазыл агайынан, Тойгонбай акесинен комузда ойногонду, кенчилерден гармошканы, мандолинди үйрөнүптүр. Окуусун беш чакырым алыстыктагы Тегерек-Саз айылындагы жети жылдык Калинин мектебинде улантып, жокчулуктун айынан кыштын күндөрү апасынын маасы-көлөшүнө ортоктош болууга туура келген. Жаш кезинде Кочкорбай агасы колхоздун коюн багып, ага каралашып жүрүп, ушул Кызыл-Булактын ичин, Суук-Дөбө, Сары-Кыр, Чаар-Арчаларды коен жатагына чейин билип, жылаңаяк буттарын далай жолу чөмөргө тилдирген. Ал күндөрүн “Койчунун ыры” деген ырында эң сонун чагылдырган. Балалык кезинде классташ достору Ташмамат, Толубай менен Бүркүт-Уяга чейин чыгышып, бүркүттүн, таандардын балапандарын кармап алып, аларды багып ойношуп, бактек, көгүчкөндөрдүн балапандарын бышырып жеген күндөрүн айтып, балалыктын оор, кыйынчылыкта өтүшү - оюн, күлкүгө тойбогон балалык күндөрүмдү жылуу сезим менен эңсөөмө, ал күндөр жөнүндөгү жакшы ойлорума көлөкөсүн түшүрө албайт, – деген эле.

Жездем, Р.Абдыкадыровдун классташы Ысаков Сейитбек (бейиши болгур, ушул жылы ноябрь айынын орто ченинде ааламдан өттү), ал жөнүндө мындай эскерет: “7-классты аяктагандан кийин, көптүн катары 1-Май айылындагы Токтогул атындагы жатак мектепте билим алууну уланттым. Мына ушул жерде Р.Абдыкадыров менен чогуу окуп калдым. 3 маал тамак-аш, кийим – кече берилчү. Мектепте өздүк көркөм чыгармачылык ийрими бар эле. Оюн-зоокко шыктуу Рыспай анын активдүү катышуучуларынан эле. Алар ар кандай жанрдагы драмалык чыгармаларды, пьесаларды даярдашып, окуучуларга, айыл элине коюп, концерт беришер эле. Орто мектепти бүтөр жылы Пазылова Нурпаша деген эжекебиз химия сабагынан мамлекеттик экзаменге даярдап жаткан, бир маалда Рыспайдын: “Жылаан, жылаан” – деген үнүн угуп калдык. Карасак, чоң аскарида курту кыймылдап, сойлоп бараткан экен. Анын курсагы тойбой, кулгуй берчү. Ичиндеги куртун кусуп салгандан кийин, тамакты мурункусундай апсыгып жебей калды. Көрсө аны аскарида курту кыйнап жүргөн тура, биз ошондо билип жүрөбүз.”

Айтымга караганда, атасы Абдыкадыр ыр-шоокко ышкыбоз болуп, комуз чертчү экен, ырчылык өнөр, мүмкүн, андан өттү бекен? Зуура апасы ооз комуз чертип, шерине, жоролордун көркү болгон. Кошок кошконду мыкты өздөштүргөн аял болгон. Мүмкүн, андан өткөн чыгар. “Эр тагасын тартат” дейт, мүмкүн ырчылык өнөр тага журтунан жуктубу? Таятасы кара-баргылык эшей уруусунун Жайнак деген тобунан чыккан Кадыр деген киши, таенеси казак кызы Марийам деген аял болгон. Тагасы Токтогул комуз черткен, андан да далай жолу таалим алган. Кадыр таятасы өлгөндө, таенеси Марийам жалгыз кызы Зуура эненин колуна келген.

**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ ...

**(башталышы мурунку сандарда)**

Төрт көчөдөгү "Белек" чайканасы тээ сексенинчи жылдардын орто ченинде мурдагы эски чайкананын ордуна курулган. Анын пайдубалын түптөө салтанатына менин да катышып калганым күнү бүгүнкүдөй эсимде. Андан бери кырк жыл убакыт мезгил сабалаптыр. Карасаң кечээ эле болгондой сезилгени менен убакыттын уурулугуна таң каласын. Чыгыштан таң супа сала күн нурун көзгө сайса көрүнгүс караңгылыкты нурга чайпай жер үстүнө жашоонун ширindигин тартууласа, кайра эле караңгылык артынан каптай капсаландуу кыяматты алып келе жаткандай күн уясына кылгып бата түнөргөн көзгө сайса көрүнгүс жер жүзүн кылгый жай аккан мелмил дарыянын кыймылын элестеткен түн каптап калат. Мына бир күн кылым үлүшүнө кошулгандай өмүрдүн өткөн боткосуна баткансыды. Жарык менен караңгылыктын алпурушкан күрөшүндө жай кыймылда болгон тоголок жер жарык менен караңгылыкты алмаштырган жүрүмүндө нечендеген сан жеткис күндөрдүн, айлардын, жылдардын жүрүш сала кылым дайрасына кошулганы, кошулганын жандуу пенденин сар санаасында сыбызгыдай каңылжаар сыздата түңгүюкка батырганы батырган. Жаратылыш адам пендесин күчтүү түпкүлүгүндө эмне сырлары бар экенин ачканга аракет кылган пендеге бир калыпта эле тургандай дулуйганы бүгүнкү күнгө чейин чечилген сыяктуу болгону менен күн караңгылыгы жарыкка, күн жарыгы караңгы түнгө алмашкандан алмаша инсандын сезим отторундагы санаа чектирген бушаймандыгын буулуктурганы жер үстүндөгү жашоонун күчтүүлүгү беим.

Чайканада чайды шорулдата, айрымдары колун сербеңдете чай чыныны чайкай рахаттана чай ичип олтургандардан алыстап кыялымды бийлеп алган жогорудагыдай ойлорумдан Майраш бизге чай сунуп келгенден улам алыстап алдым. Жашоонун ушундай сырларын башкалар кандай ойлойт, мени дайыма мүңкүрөткөнү мүңкүрөткөн. Анан Майраштын чайканада эл тейлеп иштегенине деле көп жылдар болгону оюма кылт дейт. Майраштын тынбаган мээнетине ичим жылыйт.Чайканада олтургандардын чай сураган өтүнүчтөрүн таң заардан, үрүл бараңга чейин капшыксыз аткарганына ыраазы болсун. Ошондон райондук гезитте иштеп жүргөндө "Чайканада чай сунган Майраш" деген темада макала жазганым эсиме кылт дей түшөт.

Майраштын чайканада чай суна иштегенине деле көп жылдар болду окшойт. Мурда чайкана Райондук керек жарак коомунун коомдук тамактануу башкармалыгынын кароосунда боло турган. Заман өзгөргөндөн кийин өзүнүн тапканын өзү керектеген шартта азыркыга чейин эл кызматында келет. Мосу үй-бүлөсү менен көпчүлүк билгенден көп жылдар иштетти. Тагдыр экен Мосу агабыз да кайтыш боло жаны жаннат таап оо, дүйнөгө кете берди. Жерлиги атактуу "Ажике" жайлоосун өрдөгөн өрөөндүн баш тарабынан боло турган. Чайды чаңкообуз канганча чайпаганча иче кажаңдашкан Калдыбай, Абдимитал, Ысмайыл мен төртөөбүз Оморбектин түрдүү өнөрлөрүнө суктана дагы эмне жорук болоор экен дегендей кыймылынан көз кырыбызды албайбыз.

Күн бешим тартып чак түштөн ооп барат. Ичиндеги сеп этменин таасиринде чайканада олтургандар менен алынын жетишинче алабармандуу аңыздашкан Оморбектин аскерден келгендеги бир жоругу эсиме келе түштү. Анда ал жыйырма жашка толгон, балтыр эти ката элек, жүзүнөн нур тамган мекен алдындагы аскердик милдетин ийгиликтүү өтөп келген жигиттин келбети көз алдымда турду.

Согуштун тагдырдуу тагыбы жетимишинчи жылдардын аяк чендеринде деле армиядан келгендерге айылдагы элдердин сүймөнчүлүгү өзгөчө боло турган. Аскерден аман келгенин тууган уругу кудайдан тилеген, зарыга күткөнү оорундалганына опол тоодой кубанычка бөлөнгөнүн тең бөлүшө келгендер деле кубанычтарын койнуна батыра албай, алкоолорун абаз кыла арноодо, сезимталдык сезим менен байкаган жанга байлангандыктын белгиси даана көрүнчү. Уулунун аскерден келген күн ата-эне үчүн ал учурда баа жеткис сүйүнүчтүн ажарын тартуулай турган. Канткенде да кубанычын эл менен бөлүшкүсү келген ата-эне тапканын дасторконго жая, сураганы келгендер менен тең бөлүшө турган. Ошол күндөрү сурап келген элдин аягы үзүлчүү эмес. Мындай көрүнүштөр ал мезгилде аскерде кызмат өтөгөн бардыгыбыздын эле башыбыздан өткөн.

Оморбек аскерден келген күндөн бир жума өтпөй каттоого туруу үчүн райондун борбору Кара-Кулжа айылындагы Аскер комиссариятына кошо барып келүүмдү өтүнүп калды. Мен дагы макул болдум. Эрте менен айылдан бирге чыктык. Анда райондун борборунан жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн атайын автобус жүрө турган. Эл дайыма тыгынчылыкта райондун борборуна келүүчү. Биз да ошолордун бири болуп келдик. Анда райондун борбору шаар катары көрүнчү. Аскер комиссариатында түшкө чейин кармалдык. Колубуздагы тыйын тыпырыбызга түштөнгөн соң Кара-Кулжанын көчөлөрүндө жайгашкан катар дүкөндөрдү биринен сала бирине баш бага кыдырдык. Анан Оморбек кино көрүүнү сунуштап калды. Ал Аскер кийимчен болгондуктан көчөдө негедир өзүн эркин кармана арышын кенен таштап менден алдыда жүрүп баратты. Анан токтой калып "Кара-Кулжа это деревня, понимаешь! где я служил большой город "деп орусча сүйлөп кирди. Билем! Билем!,- деп мен да аны тике карадым. Кайран Оморбек баралыңа батпай турган чагың окшойт деп ичимден ойлуу анын баш аягына үңүлө көз чаптырдым. Анан "знаешь я зелёный погон, в авиации служил" деп дагы орусчалап кирди. Ал учурда аскерден келгендин баары өзүн бош кармагысы келбей, эки жылда үйрөнгөн аскердик адаттарынан оолактай албай бир топко өзгөчөлөнө турган. Анын мындай жүрүм-туруму мага анчалык жага бербесе да, негедир жанында баратканыма ыңгайсызданганымды жан жакага билгизгим келбеди.

Ары-бери өткөндөр солдат кийимчен Оморбекти тигиле карай өтүп жатышты. Ал кийген кителинин күрмөлөрүн болушунча чечмелей, көйнөгүнүн жогорку күрмөлөрүн да чечип салган. Башындагы солдат шапкесин желкесине баса кийген таризде Кара-Кулжанын көчөсүндө кеңири арыш таштай, ошол учурда өзүнөн башка эч ким айлана-тегерегинде жоктой сезе кино коюлуучу клубду көздөй менден бир топ алдыда баратты. Мен деле анын басыгынан улам катуу эле кадам таштап бараттым.

Клубда кино көрсөтүлүп жаткан экен. Көрүүчүлөр кирүүчү эшиктин жыгач каалгасы ичинен темир чынжыр менен байлана илгичтенген. Оморбек эч нерсеге карабай эшикти буту менен бир тепкен болду. Каалга тарс ачыла клубдун дубалына чабыла тийгенде, илинген темир чынжыры каалгага коштолуп шалдыр шулдур болуп жатып калды. Клубдун ичи сыртта жарык болсо да караңгы. Кино көрүп олтургандар эшиктен түшкөн жарык жакты жапырт жалт карашты. Солдат кийимчен Оморбек каалга жакта кассанын билетин контролдогон картаң аксакалга күнөө өзүндө турса да үстүндөгү аскер кийимине пештендиби дагы адатынча "почему дверь закрыта, когда я приду дверь должна быть открыта" деп контролерду темите сүр көрсөтүп калды. Контролердун дымагы пасанчылап келмеси оозуна келбей, дендароо боло түштү. Мен экөөнүн ортосундагы кырдаалга арачы боло Оморбекти сыртка алып чыктым.

Анын чайканада чай ичип олтургандагы келбетине тигиле караган мага мындан көп жылдар мурунку ушул окуя сезимиме кылт дей түшкөнүнөн бир саамга терең ойго батып кеткенимди өзүм да сезбей калгансыдым...

**(уландысы бар)**

**М.Жуманазаров.**

# Өрт коопсуздугу боюнча көрсөтмө

Өрт коопсуздугу боюнча көрсөтмө — бул адамдардын өмүрүн сактоо жана мүлктү коргоо үчүн зарыл болгон эрежелердин жыйындысы. Ал жумуш ордунда, мектепте же үйдө өрттүн алдын алууну жана өрт чыккан учурдагы иш-аракеттерди үйрөтөт.

Көрсөтмө өткөрүүнүн негизги түрлөрү:

1.Киришүү көрсөтмөсү: жаңы жумушка орношкондо же окууга киргенде берилет.

2.Баштапкы: түздөн-түз жумуш ордунда аткарыла турган иштин өзгөчөлүгүнө жараша өткөрүлөт.

3.Кайталануучу: эрежелерди эске салуу үчүн мезгил-мезгили менен (мисалы, жарым жылда бир) өткөрүлүп турат.

4.Пландан тышкары: жаңы жабдуулар келгенде же өрт коопсуздугунун эрежелери бузулганда өткөрүлөт.

5.Максаттуу: бир жолку иштерди (мисалы, ширетүү иштерин) аткаруу алдында берилет.

Өрт коопсуздугунун негизги эрежелери:

• электр жабдуулары: бузулган розеткаларды же зымдарды колдонбоо, электр приборлорун кароосуз калтырбоо керек.

• тазалык: имараттын ичинде жана тегерегинде тез күйүүчү таштандыларды топтобоо зарыл.

• эвакуация жолдору: чыгуучу эшиктердин алды бош болушу керек, алларды буюмдар менен тосууга тыюу салынат.

• Чылым чегүү: атайын белгиленген жерлерде гана чылым чегүүгө уруксат берилет.

Өрт чыккан учурдагы иш-аракеттер:

1.Кабарлоо: токтоосуз "101" же "112" номерине чалып, даректи жана өрттүн көлөмүн так айтуу зарыл.

2.Эвакуация: коопсуздук белгилерине жана планга ылайык имараттан тезинен чыгып кетүү.

3.Өрт өчүрүү: эгерде, коопсуз болсо, өрт өчүргүч же кум, суу сыяктуу каражаттар менен өрттү өчүрүүгө аракет кылуу.

4.Түтүндөн коргонуу: түтүн каптаган жерден нымдуу чүпүрөк менен ооз-мурунду жаап, эңкейип же сойлоп чыгуу керек.

Ар бир өткөрүлгөн көрсөтмө атайын журналга катталып, жоопту адамдын жана үйрөтүлгөн кишинин колу коюлушу шарт.

**К.Кыдырбаева,**
**КРнын ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн офицери, майор.**

## Жарыялар

### Бош кызмат орунуна сынак

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Араван районунун балдар–өспүрүмдөр спорт мектебинин директору бош кызмат орунуна сынак жарыялайт. Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талапарга жооп бериши керек:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы;

2. Жогорку билимдүү, (дене тарбия же педагогика адистигине
артыкчылык берилет).

3. Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу

4. Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу

5. Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдары, Жоболорду, Кыргыз Республикасынын
Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү.

Конкурска катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат;

1. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын конкурстук комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;

2. Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;

3. Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);

4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү

5. Өмүр баян (кол менен жазылган);

6. Резюме

7. Паспорттун же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти конкурска келгенде көргөзүлөт);

8. Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулаткандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;

9. Соттолбогону жөнүндө маалымкат;

10. Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу кун ичинде Ош шаары, Карл Маркс көчөсү №1 дарегине тапшыруу зарыл.

Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35 Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат. Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, конкурска чакырылбайт.

### Собрание акционеров

АО "Металлист" обьявляет общее собрание акционеров состоится 20 апреля 2026 года в 11-00 часов по адресу: г. Ош мкр. Туран, ул. Ишматова 2В в административном здании АО "Металлист"

Повестка дня:

1. Избрание и утверждение счетной комиссии

2. Отчет о финансого-хозяйственной деятельности за 2025 год

3. Распределения прибыли или убытков

4. Отчет ревизионной комиссии

5. Утверждение годового бюджета на 2026 год

6. Выборы правления и Председателя

7. Выборы ревизора

8. Утверждение аудиторской компании

9. Внесение изменений и дополнений в Устав АО "Металлист"

### ххх

АООТ «Ош-Фарм-КА» объявляет об итогах проведенного общего годового собрания акционеров, состоявшегося _23_ марта 2026г в 9-00 часов по адресу: г.Ош-,ул.Курманжан Датка, 213А. Кворум общего собрания составил_92,12_% от общего числа акций. Рассмотрев, все вопросы повестки дня, поставленных на голосование, общее собрание акционеров постановило:

1. Утвердить отчет Правления АООТ «Ош-Фарм-КА» за 2025 год (100%голосов от присутствующих).

2. Утвердить отчеты, бухгалтерский баланс и прибыль за 2025 год в размере 3 060 090_ сом (100% голосов от присутствующих).

3. Утвердить годовой бюджет на 2026 год в размере: доходная часть- 8,5 млн.сом, расходная - _7,0_ млн.сом (100%голосов от присутствующих)

4. Утвердить отчет ревизионной комиссии и отчет аудитора за 2025 год (100%голосов от присутствующих).

5. Избрать ревизионную комиссию в составе: Бобекова А.А., Камчыбеков Ж.К., Тохтахунова Л., избрать аудитором акционерного общества ОсОО «Аудит-Финучет» с оплатой услуг 20000 сомов (100%голосов от присутствующих).

6. Не проводить реструктуризацию основных средств (реализация, обмен, покупка и списание основных средств) (92,12_% от общего числа голосующих акций).

7. Утвердить день списка_23_ марта 2026 г. и день выплаты дивидендов _23_ апреля.2026г. по адресу: г.Ош, ул.К.Датка 213А ( в здании аптеки №5) в размере 100% от чистой прибыли, что составляет по _6,2096_ сом на одну простую и одну привилегированную акцию одинаково.

### ххх

«Ош-Фарм-КА» АТАК акционерлердин Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 213-А имаратында 2026-жылдын 23-мартта саат 09.00дө өткөрүлгөн жылдык жалпы чогулушунун жыйынтыгы тууралуу кабарлайт. Жалпы чогулуштун кворуму акциялардын жалпы санынын 92,12 % пайызын түздү.

Жалпы чогулуш күн тартибин добушка коюлган бардык маселерин көрүп чыгып, акционерлердин жалпы чогулушу токтом кылат:

1. «Ош-Фарм-КА» АТАК башкармасынын 2025 жылдын отчету бекитилсин (катышуучулардын 100% добушу менен).

2. 2025 жылдын отчет, бухгалтердик баланс жана 3 060 090 сом өлчөмдө киреше бекитилсин (катышуучулардын 100% добушу менен).

3. 2026 жыл үчүн бюджет төмөнкү өлчөмдө бекитилсин: киреше бөлүгү - 8,5 млн сом, каражат бөлүгү - 7,0 млн сом (катышуучулардын 100% добушу менен).

4.Текшерүү комиссиясын жана аудитордун 2025 жыл үчүн отчету бекитилсин.
(катышуучулардын 100% добушу менен).

5. Текшерүү комиссиясын төмөнкү курамда шайлоо: Бобекова А.А., Камчыбеков Ж.К.,
Тохтахунова Л., акционердик коомдун аудитору ОсОО «Аудит-Финучет» деп шайлоо, кызмат үчүн төлөмү 20 000 сом (катышуучулардын 100% добушу менен).

6. Негизги каражаттардын реструктуризациясын өткөрбөө ( сатуу, сатып алуу, алмаштыруу жана тизмеден чыгаруу (жалпы шайлоого катышкан акциялардын 92,12 % добушу менен).

7. Тизмени куну 2026 жылдын 23- март жана дивиденддер бериле турган күн 2026 жылдын 23- апрель белгиленсин, кирешенин 100% пайыз өлчөмүндө, 6,2096 сомдон бир жөнөкөй жана бир өзгөчө акцияга бирдей белгиленсин. Дареги: Ош ш.,Курманжан датка көчөсү, 213 А (Аптека №5)

### Ижарага берилет

Кара-Кулжа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан айыл чарба кооперативдери, үрөнчүлүк жана асыл тукум чарбалары үчүн Кара-Кулжа айыл аймагындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин жалпы аянтынын 50 пайызы болуп эсептелген төмөндөгү жерлери тоорук аркылуу ижарга берилет. (Ведомстволор аралык комиссиянын отурумун өткөрүү датасы "Ош жаңырыгы" гезити чыккан күндөн тартып башталат)

Кара-Кулжа айыл аймагы

1. Айдоо участогу №10-11-12 контур сугат айдоо-10,0 га

2. Бел участогу № 68 контур сугат айдоо- 12,25 га

3. Бел участогу № 68 контур сугат айдоо- 21,94 га

4. Бел участогу № 68 контур сугат айдоо- 5,0 га

5. Жон участогу №171-178 контур кайрак айдоо- 14,50 га

6. Арпа-Тектир участогу № 99 контур кайрак айдоо- 17,0 га

7. Сары-Камыш айылы № 584б контур сугат айдоо- 4,60 га

8. Айыл чети участогу № 611 контур сугат айдоо- 2,0 га

9. Арпа-Тектир участогу № 99 контур кайрак айдоо – 5,0 га.

Жалпысы 92,29 га .

Кошумча маалыматтарды алуу үчүн Кара-Кулжа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын жетектөөчү адиси К.Алимбековго кайрылыңыздар. Байланыш телефону (0774) 583 808.

### Считать не действительным

В связи с утерей бланки для разрешений грузоперевозок ( дазвол) ОсОО "Кемран-Транс"

1. Азербайджан 3-х сторонний 6039654

2. Узбекстан 3-х сторонний 078389 считать недействительным.

### Жараксыз деп табылсын

Асанова Жылдызкан Авазбековнага ОшМУ тарабынан берилген ГВ № 16923 сандуу каттоо № 527 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Абдугапарова Мастурага таандык болгон ИНН 10412196600517 сандуу жеке ишкердик боюнча күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 332**
**Нускасы: 1700**

# Ала-Тоо айыл аймагында ийгиликтер арбын



**Кара-Суу районундагы Ала-Тоо айыл аймагы жылдан -жылга өнүгүп, инфратүзүмдөрү жаңыланып, элдин турмуш шарты жакшырууда. Айыл аймакта жолдорду оңдоо, көчөлөрдү ирээтке келтирүү жана мыйзамсыз курулуштарды жоюу иштери жүргүзүлүүдө. Ошондой эле ички жолдорду оңдоо жана калктын коопсуздугун камсыздоо максатында инфратүзүмдүк долбоорлор ишке ашырылып жатат.Аталган айыл аймагын учурда Берикбаев Бактыбек Султанбекович жетектеп, айыл аймакты өнүктүрүү, калктын турмуш шартын жакшыртуу багытында бир катар иштерди жүргүзүп келүүдө. Өткөн жыл ичинде айыл аймакта социалдык инфратүзүмдөрдү жакшыртуу, айыл-чарбасын өнүктүрүү жана калктын жашоо шартын жакшыртууга багытталган бир катар иштер аткарылды. Айыл өкмөтүндө жалпы план 118 млн. 889,6 миң сом болуп бекитилген. Жергиликтүү бюджет боюнча түшүүлөр 119 239,9 миң сомду түзүп, планга карата 143% аткарылды.**

## Инвестиция жана инфратүзүм

2025-жылдын ичинде Кашкар-Кыштак айылында жергиликтүү жана республикалык бюджеттин эсебинен бир катар инфраструктуралык жана социалдык багыттагы иштер аткарылды. Жергиликтүү бюджеттен ички көчөлөрдү жалпы узундугу 7 км. 800 м. аралыкка асфальттоо үчүн 15 714,6 сом жумшалды. Республикалык бюджеттин эсебинен Ленин көчөсүнө 1 км. 800 м. жана РТС көчөсүнө 200 м. асфальт төшөлүп, жалпысы 2 км. аралыкка асфальт салынды.

Билим берүү боюнча аталган айылдагы А.Ю. Гагарин мектебинин бир бөлмөсүнүн чатырын алмаштырууга 1 млн. сом каржыланды. А. Навои мектебине жаңы ажаткана куруу үчүн 1 млн. сом бөлүндү. «Алтын балалыгым» бала бакчасынын жылытуу системасын оңдоо үчүн 100 миң сом жумшалды. «Нуртилек» бала бакчасына оңдоо иштерине 300 миң сом каржыланды. №122 орто мектебинин имаратындагы шифер жана рейкаларды алмаштырууга 400 миң сом жумшалды.

Ошондой эле Кашкар -Кыштак айылында Нариман Ата көчөсүнө 300 миң сомдук суу сактагыч сатып алынды. Артыков көчөсүнө 5 даана, Уйгур-Абад көчөсүнө 15 даана, Ош көчөсүнө 5 даана электр мамычалары орнотулуп, жалпысы 314 миң сом жумшалды. Ю. Гаипов көчөсүнө 96 миң сомго 2400 м. электр чубалгылары алынды. Опыт участкасындагы көп кабаттуу үйгө150 миң сомго 300 м. кабель сатып алынды. Кашкар-Кыштак үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун мекемесинин айланасына 400 миң сомго асфальт төшөлдү. Мадина Бону жана Артыков көчөлөрүнө 2 даана трансформатор алынды. Кашкар-Кыштак маданият үйүндөгү спорт залдын жуунуучу бөлмөсү 150 миң сомго оңдолуп, кошумча 150 миң сомго эмеректер сатып алынды.

Эл тарабынан №122 орто мектебинин ашканасына 58,6 сомдук эмеректер алынды. Ички көчөлөргө 12 500 сомдук газ түтүктөрү орнотулду. Ю.Гаипов жана М.Усманов көчөлөрүнө 1 млн. 200 миң сомго тротуар курулду. Н. Абдрасулов жана Мады көчөлөрүнүн баш тарабына 1 млн. 200 миң сомго чакан техникалык кызмат көрсөтүү ишканасы ачылып, 5 жаран жумуш менен камсыз болду.

Жароoз айылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен жайкы спорт аянтчасынын курулушу үчүн долбоор-сметалык иш кагаздары даярдалууда. 2000,0 млн. сомго электр мамычалары (81 даана), 12 600 м. зым жана 81 даана траус сатып алынып, А.Бердибаев көчөсүнө №5, №7 жана А.Исраилов көчөлөрүнө орнотулду. Б.Тойчубаев көчөсүнүн кире беришине 400 м. аралыкка 2400,0 млн. сомго асфальт төшөлдү.

Эл тарабынан ички көчөлөргө 550 м. аралыкка темир мамычалар менен жарыктандыруу коюлду. Ички арыктарды кеңейтүү үчүн 195 миң сом жумшалды. Б.Тойчубаев көчөсүнүн кире беришине 2 км 800 м. аралыкка 210 миң сомго жарыктандыруу орнотулду. Айылдык таза суу түтүктөрүн жаңылоо үчүн 282 миң сом каржыланды. А. Абдылов атгуу жарандын күйүп кеткен үйүн кайра куруу үчүн 1100,0 млн. сом эл тарабынан чогултулду. Бирдик айылы менен чектешкен жерге 250 миң сомго трансформатор орнотулду. А. Эшимов көчөсүнө 550 м. аралыкка 135 миң сомго бетон арыктар коюлду. Жароoз айылына суу кампа куруу үчүн проект жасоого 210 миң сом жумшалды.

Алгабас айылы боюнча 2025-жылдын ичинде Алгабас айылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен бир катар иштер аткарылды. Калкты таза суу менен камсыздоо максатында жалпы узундугу 5 км. аралыкка 7 даана суу сактагыч курулуп, бул иштерге 1 млн. 450 миң сом жумшалды. Ошондой эле А.Кочкоров жана №2 көчөлөрүнө 700 м. аралыкка шагал төшөлүп, бул үчүн 550 миң сом бөлүндү. Мындан тышкары, 30 даана электр мамычалары сатып алынып орнотулду.

Бекжар айылында республикалык бюджеттин эсебинен жалпы узундугу 3 км аралыкка асфальт төшөлдү. Жергиликтүү бюджеттен мектептин айланасында жайгашкан спорт аянтчанын чатырын жабуу үчүн 2000,0 млн сомго тендер жарыяланды. Ак-Таш айылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен бир катар иштер аткарылды. №74 А.Шеркулов атындагы мектептин 2-корпусунун терезелери пластик терезелерге алмаштырылып, бул үчүн 500 миң сом жумшалды. К.Казыбеков көчөсүнө 250 кв электр трансформатору орнотулуп, бул иштерге 400 миң сом бөлүндү. Р.Боронов көчөсүнө жалпы узундугу 2 км аралыкка тротуар куруу үчүн 3400



сом акча каражат бөлүнүп, бүгүнкү күндө 600 м аралыкка тротуардын эки четине бетон төшөлүп, ички бөлүгү асфальттоо иштери калган. Ал эми 1400 м аралыкка эки чети бетондолуп, ички бөлүгү асфальт төшөө иштери март айында башталат. Сугат суу тартуу үчүн насос курууга проект жасалып, иш кагаздары даярдалууда. Республикалык бюджеттин эсебинен Ак-Таш менен Жаңы-Барак айылын бириктирген 4 км 200 м жолго асфальт төшөлдү.

Эл тарабынан да маанилүү иштер аткарылды. Жеке ишкер тарабынан заманбап үлгүдөгү "Бал Дай" цехи ачылып, 11 млн сомго жакын каражат жумшалып, 8 айыл тургуну жумуш орду менен камсыз болду. Ошондой эле АРИС долбоору аркылуу айылдагы фельдшердик-акушердик пункт капиталдык оңдоодон өткөрүлдү.

Жылкелди айылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен бир катар иштер аткарылды. №105 Т.Алимбеков атындагы орто мектептин кире беришине арка жасоо үчүн 100 миң сом каралып, арка орнотулду. Ошондой эле Атыкулов жана Ынтымак көчөлөрүнө жалпы узундугу 838 м аралыкка асфальт төшөлүп, бул иштерге 4000,0 млн сом жумшалды. Асфальттоо иштерине элдин салымы да кошулду. Мындан тышкары "Умка+" балдар бакчасына 250 миң сомго эмеректер (кроваттар) сатып алынды. Жылкелди айылында жеке балдар бакчасы ишке киргизилди.

Мөнөк айылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен Кызыл-Кызгалдак балдар бакчасынын ашканасы капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, бул иштерге 400 миң сом жумшалды. Борбордук көчөлөрүнө газ түтүктөрүн тартуу үчүн сметалык баасы 9 млн 900 сомго тендер жарыяланып, жеңүүчү аныкталды. Иш 2026-жылдын март айында башталат. Республикалык бюджеттин эсебинен 5 км аралыкка асфальт төшөлдү. Д.Султанов жатак мектебинин спорт аянтчасына республикалык бюджеттен 23 млн сом бөлүнүп, курулуш иши толук аяктап, бүгүнкү күндө тапшырууга даяр. Мөнөк маданият үйүнүн көрүүчүлөр залына 940 миң сомго 300 орундуу театралдык стулдар алынып берилди.

Донорлор тарабынан Кызыл-Кызгалдак балдар бакчасы үчүн Бүткүл Дүйнөлүк Азык-түлүк программасынын жардамы менен 10 миң долларга заманбап ашкана эмеректери алынып, кошумча 2 жыл бою ун жана макарон азыктары менен камсыздалды. Эл тарабынан 165 м аралыкка суу латоктору орнотулуп, бул иштерге 250 миң сом жумшалды. Ошондой эле 300 м аралыкка 300 миң сомго тротуар курулду. Республикалык бюджеттен Кайрагач–Шералы жолуна 520 м аралыкка асфальт төшөлдү. Ошондой эле жаңы 275 орундуу типтүү мектеп курулуп, жалпы баасы 105 млн сомду түзүп, ишке тапшырылды. Эл тарабынан №19 көчөгө 700 м аралыкка 36 миң сомго шебен төгүлүп жайылды.

Кенжекул айылында жергиликтүү бюджеттин эсебинен Р.Саитов көчөсүнө 571м, К.Жороев көчөсүнө 540 м жана А.Ахмедов көчөсүнө 500 м аралыкка асфальт төшөлдү. Республикалык бюджеттен Т.Курбанбаев көчөсүнө 545 м жана Б.Урманов көчөсүнө 400 м аралыкка асфальт төшөлдү.Эл тарабынан Кенжекул айылынан Тажик Маала айылына чейинки аралыкка 245 миң сомго шебен төгүлдү. Тажик Маала айылына 11 даана, Кенжекул айылына 11 даана электр мамычалары сатып алынып, жалпы баасы 170 миң сомду түздү. "Наристе Нуру" балдар бакчасына 30 миң сомго 2 даана селкинчек алынды. Ошондой эле аз камсыз болгон үй-бүлөгө үй куруу үчүн 1 млн 200 миң сомго 12 миң даана кирпич жана башка чыгымдар үчүн акчалай жардам көрсөтүлдү.

Жаңы Барак айылында республикалык бюджеттин эсебинен маанилүү инфраструктуралык долбоор ишке ашырылды. Жалпы баасы 80 млн сомду түзгөн саркынды сууну кайра тазалап иштетүүчү кампасы курулуп, пайдаланууга берилди. Бул иш-чара айылдын санитардык абалын жакшыртууга жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган. Эл тарабынан да бир катар иштер аткарылды. Узундугу 850 м. ички арыктарды тазалоого 74 миң сом акча каражат жумшалды. Ошондой эле 3300 м аралыкка жаңы канал казууга 141 миң сом каржыланып, айылдагы сугат системасын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү.

## Өнөр жайы

2025-жылы айыл аймагында өнөр-жай продукцияларын чыгаруунун көлөмү 357 млн. 348 миң сомго жетип, өсүү темпи 179% түздү. Бул көрсөткүч айыл аймагында жайгашкан чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишмердүүлүгүнүн эсебинен камсыз болду. 2025-жыл ичинде ири өнөр жай ишканалар ачылган жок. Кашкар-Кыштак айылында жеке ишкерлер тарабынан 1 тигүү цехи, 2 тамактануучу жай, 2 кийим дүкөнү, 1 техникалык кызмат көрсөтүүчү ишкана, 1 эт дүкөнү ачылды. Жылкелди айылында 1 тоок ферма жана 1 автоунаа жуучу жай ишке кирди. Ак-Таш айылында 1 кондитердик цех ачылып, жалпысы 31 жумуш орду түзүлдү. БУУнун Азык-түлүк программасынын алкагында 2025-жылдын ичинде айыл аймагындагы калк 28 тонна ун жана 1680 литр май менен камсыз болду.

"Жашыл мурас" улуттук акциясынын алкагында мекеме-уюмдар жана калк тарабынан 15 миң 500 даана көчөт отургузулуп, алардын 85% өнүп өсүүдө.

**Г.Өсконбаева.**